**ПРАВИЛА**
**Приема документов в Кыргызскую национальную консерваторию**
**на 2019-2020 учебный год.**

## ОБЩИЕ ПОЛОЖЕНИЯ

Настоящее Положение разработано в соответствии с Постановлением Правительства Кыргызской Республики от 27 мая 2011года № 256 “Порядок приема в высшие учебные заведения Кыргызской Республики”, в соответствии с Законом Кыргызской Республики "Об образовании" и другими нормативными актами Кыргызской Республики в области образования. Регламентирует прием граждан Кыргызской Республики и граждан других государств в Кыргызскую национальную консерваторию им.К.Молдобасанова (далее Консерватория).

На первый курс Консерватории принимаются лица, имеющие среднее общее и среднее профессиональное образование.

Граждане Кыргызской Республики имеют право получить на конкурсной основе бесплатное высшее образование в Консерватории в пределах государственных образовательных стандартов, если образование данного уровня получается ими впервые.

Обучение граждан других государств в Консерватории осуществляется в соответствии с законодательством Кыргызской Республики, на основе международных договоров, вступивших в установленном порядке в силу, участницей которых является Кыргызская Республика, а также на основе договоров между образовательными организациями или с отдельными гражданами.

Главными критериями при поступлении в Консерваторию являются уровень знаний и способности абитуриента.

Консерватория объявляет прием после согласования с МОН КР перечня направлений подготовки и специальностей и их плана приема.

### Организация приема в вуз

Для организации приема студентов на все формы обучения приказом руководителя вуза создается приемная комиссия, председателем которой является ректор Консерватории.

Председатель приемной комиссии несет ответственность за выполнение плана приема, соблюдение предельного контингента, установленного лицензией, а также требований нормативных правовых актов по приему в вузы, определяет обязанности членов приемной и апелляционной комиссий, утверждает порядок их работы, график приема граждан приемной и апелляционной комиссиями.

Состав, полномочия и порядок деятельности приемной комиссии определяется и утверждается ректором Консерватории. Срок полномочий приемной комиссии составляет один год.

Работу приемной комиссии и делопроизводство, а также личный прием абитуриентов и их родителей (законных представителей) организует ответственный секретарь, который назначается ректором Консерватории. Кандидатура ответственного секретаря приемной комиссии согласуется с МОН КР. Одно и то же лицо не может быть ответственным секретарем более двух лет подряд.

Для организации и проведения вступительных испытаний председателем приемной комиссии утверждаются составы экзаменационных и апелляционных комиссий. Полномочия и порядок деятельности экзаменационных и апелляционных комиссий утверждается ректором Консерватории. Экзаменационные комиссии комплектуются из наиболее опытных преподавателей данного вуза. Состав этих комиссий должен ежегодно обновляться не менее чем на 50 процентов.

Для организации и проведения аттестационных испытаний при приеме на второй и последующие курсы в Консерватории создаются аттестационные комиссии. Порядок

формирования, состав, полномочия и порядок деятельности аттестационных комиссий, а также процедуры проведения аттестационных испытаний утверждаются ректором вуза.

При приеме в Консерваторию председатель приемной комиссии обеспечивает соблюдение прав граждан в области образования, установленных законодательством Кыргызской Республики, гласность и открытость работы приемной комиссии, объективность оценки способностей и склонностей поступающих, доступность руководства приемной комиссии на всех этапах проведения приема.

Приемная комиссия обязана осуществлять контроль за достоверностью сведений об участии абитуриента в экзаменационных испытаниях, а также имеет право осуществлять проверку иных документов об образовании, представляемых абитуриентом.

**Организация информирования абитуриентов**

Абитуриент, его законные представители, родители имеют право ознакомиться с Уставом Консерватории, его лицензиями на образовательную деятельность и сертификатами государственной и другой аттестации (аккредитации), правилами приема в вуз, а также программами вступительных испытаний и другой необходимой информацией, связанной с приемом. При приеме на места по договору с оплатой стоимости обучения приемная комиссия обязана ознакомить абитуриента, его законных представителей, родителей с обязательствами и правами сторон, размером и порядком внесения платы за обучение, возможностью предоставления льгот в оплате.

Консерватория объявляет прием граждан для обучения по образовательным программам высшего профессионального образования только при наличии лицензии на право ведения образовательной деятельности по этим образовательным программам.

До начала приема документов приемная комиссия Консерватории объявляет следующее:

ежегодные правила приема в вуз;

перечень направлений подготовки и специальностей, на которые вуз объявляет прием в соответствии с лицензией на право ведения образовательной деятельности;

перечень вступительных испытаний по общеобразовательным предметам по каждому направлению подготовки и специальности;

перечень и формы проведения вступительных испытаний для лиц, имеющих высшее профессиональное образование;

общее количество мест для приема на первый курс по каждому направлению подготовки и специальности;

правила подачи и рассмотрения апелляций по результатам вступительных и аттестационных испытаний;

информацию о наличии общежития и количество мест в общежитиях для иногородних поступающих;

образец договора для поступающих на места по договорам с оплатой стоимости обучения;

сроки внесения оплаты за обучение.

В период приема документов приемная комиссия Консерватории ежедневно информирует абитуриентов о количестве поданных заявлений и конкурсе, организует функционирование специальных телефонных линий для ответов на все вопросы абитуриентов.

Информация о количестве поданных заявлений в конкурсе должна быть представлена по каждому направлению подготовки и специальности и размещена на официальном сайте Консерватории и/или на информационном стенде приемной комиссии.

**Прием документов**

Прием в Консерваторию проводится по личному заявлению граждан.

При подаче заявления о приеме в вуз абитуриент предъявляет документ, удостоверяющий его личность и гражданство. К заявлению прилагаются документ государственного образца о среднем общем или среднем профессиональном образовании и необходимое

количество фотографий. Дополнительные документы (свидетельства о смерти родителей, заключение медико-социальной экспертизы, документы, подтверждающие наличие спортивного звания и др.) могут быть представлены абитуриентом, если он претендует на льготы, установленные законодательством Кыргызской Республики.

**Поступающие в консерваторию представляют следующие документы:**

1 Заявление абитуриента на имя ректора;
2 Документ о среднем общем или средне-профессиональном образовании;
3 6 (шесть) фотокарточек размером 3×4;
4 Паспорт предъявляется лично;
5 Приписное свидетельство или военный билет (для военнообязанных);
6 Копия трудовой книжки (если имеется трудовой стаж).

Иностранные граждане должны предъявить в приемную комиссию документ об образовании, эквивалентный государственному документу о среднем общем образовании или среднем профессиональном образовании Кыргызской Республики. Экспертиза документов иностранных граждан осуществляется МОН КР. Не допускается зачисление иностранных граждан без предоставления справки о соответствии уровню содержания образования, выданной МОН КР.

На каждого поступающего заводится личное дело, в котором хранятся все сданные документы и материалы сдачи вступительных испытаний, аттестационных испытаний (в том числе выписка из протокола решения апелляционной комиссии консерватории).

Личные дела поступающих хранятся в Консерватории в течение шести месяцев с момента начала приема документов.

Абитуриенту при предоставлении документов выдается расписка о приеме документов.

Абитуриенты, представившие в приемную комиссию Консерватории заведомо подложные документы, несут ответственность, предусмотренную законодательством Кыргызской Республики.

Расписание вступительных и аттестационных испытаний (предмет, дата, время, экзаменационная группа и место проведения экзамена, консультации, дата объявления результатов) утверждается председателем приемной комиссии или его заместителем и доводится до сведения абитуриентов. В расписании вступительных испытаний и аттестационных испытаний фамилии председателей экзаменационных комиссий и экзаменаторов не указываются.

Прием документов в КНК на очную, заочную и платную форму обучения осуществляется с 17 июня по 8 июля. Консультации – 5 и 6 июля. Вступительные испытания проводятся с 8 июля по 25 июля. Зачисление на обучение за счет средств бюджета завершается до 25 августа, на заочную форму обучения до 25 августа, на платную форму обучения до 25 августа.

**Прием осуществляется по следующим специальностям:**

1. **Факультет вокального искусства и дирижирования**

По специальности: **570009** - вокальное искусство
Специализация - академическое пение
- народное пение

По специальности: **570010** - дирижирование
Специализация - дирижирование академическим хором
- оперно-симфоническое дирижирование

2. **Оркестровый факультет**

По специальности: **570008** - инструментальное исполнительство
Специализация - оркестровые струнные инструменты (скрипка, альт, виолончель, контрабас)
- оркестровые духовые и ударные инструменты (флейта, труба, кларнет, фагот, валторна,

тромбон, туба, гобой, и ударные инструменты)
- народные инструменты, традиционная музыка
( темир-комуз, чопо-чоор, сыбызгы, комуз, кыяк,
баян, аккордеон, гитара),

**3. Фортепианно-теоретический факультет**

По специальности: **570008** - инструментальное исполнительство
Специализация - фортепиано
По специальности: **570004** - музыковедение
По специальности: **570011** - композиция

**4. Факультет эстрадного искусства и хореографии**

По специальности: **570012** - искусство эстрады
Специализация - инструментальное исполнительство, вокал
**570018** - режиссура хореографии

На все факультеты Консерватория принимает абитуриентов, окончивших училище, среднюю специальную музыкальную школу или окончивших среднюю общеобразовательную школу. Срок обучения в консерватории – 5 лет.

***Контрактная форма обучения (для иностранных граждан).***

Обучение по контрактной форме - платное. Поступающие на контрактную форму обучения сдают следующие экзамены:

1. По специальности **Инструментальное исполнительства**
исполнение сольной программы, коллоквиум, сольфеджио, гармония,элементарная теория музыки (устно, письменно), кыргызский или русский язык (диктант).
2. По специальности **Вокальное искусство** - исполнение сольной программы, коллоквиум, сольфеджио, элементарная теория музыки (устно, письменно), кыргызский или русский язык (диктант)
3. По специальности **оперно-симфоническое дирижирование** - исполнение программы (дирижирование), исполнение предложенного комиссией оркестрового сочинения с предварительной 30-минутной подготовкой, коллоквиум, фортепиано, сольфеджио, гармония (устно, письменно), кыргызский или русский язык (диктант)
4. По специальности **Дирижирование академическим хором**
исполнение программы (дирижирование), коллоквиум, сольфеджио, гармония (устно, письменно), кыргызский или русский язык (диктант)
5. По специальности **Композиция** - исполнение и показ собственных сочинений, коллоквиум, фортепиано, гармония (устно, письменно), кыргызский или русский язык (диктант)
6. По специальности **Музыковедение** - письменный реферат, музыкальная литература (устно), коллоквиум, фортепиано, сольфеджио, гармония(устно, письменно), кыргызский или русский язык (диктант)
7. По специальности **Искусство эстрады** - исполнение программы, коллоквиум, сольфеджио, гармония (устно, письменно), кыргызский или русский язык (диктант)

Во время вступительных экзаменов абитуриенты временно обеспечиваются общежитием, библиотекой, классами для индивидуальных занятий

Письменные работы лиц, зачисленных в вуз, подшиваются в их личные дела. Письменные работы непринятых абитуриентов хранятся в течение шести месяцев, после чего уничтожаются.

Лица, забравшие документы после завершения приема документов, выбывают из конкурса.

Конкурс при приеме на второй и последующие курсы проводится на основании аттестационных испытаний, проводимых вузом самостоятельно. При этом срок освоения

программ высшего образования определяется академической разницей по дисциплинам, предусмотренным соответствующими государственными образовательными стандартами. Академическая разница определяется в порядке, установленном Положением о переводе, отчислении и восстановлении студентов высших учебных заведений Кыргызской Республики, утвержденным постановлением Правительства Кыргызской Республики "Об утверждении нормативных правовых актов, регулирующих деятельность образовательных организаций высшего и среднего профессионального образования Кыргызской Республики" от 29 мая 2012 года № 346.

**Правила подачи и рассмотрения апелляций**

По результатам вступительного или аттестационного испытания абитуриент имеет право подать в апелляционную комиссию письменное апелляционное заявление о нарушении, по его мнению, установленного порядка проведения испытания, и/или несогласии с его (их) результатами (далее - апелляция).

В случае проведения письменного испытания, абитуриент может ознакомиться со своей работой.

Рассмотрение апелляции не является пересдачей экзамена. В ходе рассмотрения апелляции проверяется только правильность оценки результатов сдачи вступительного испытания.

Апелляция подается абитуриентом лично на следующий день после объявления оценки по экзамену. Приемная комиссия обеспечивает прием апелляций в течение всего рабочего дня.

Абитуриент имеет право присутствовать при рассмотрении апелляции. Абитуриент должен иметь при себе документ, удостоверяющий его личность, и экзаменационный лист.

После рассмотрения апелляции выносится решение апелляционной комиссии об оценке по экзамену.

При возникновении разногласий в апелляционной комиссии проводится голосование, и решение утверждается большинством голосов. Оформленное протоколом решение апелляционной комиссии доводят до сведения абитуриента (под роспись).

**Зачисление**

Зачисление абитуриентов в число студентов Консерватории, на все формы обучения производится при наличии подлинника документа об образовании либо его дубликата.

Слушатели подразделений довузовской подготовки принимаются в вузы на общих основаниях.

Лица, не явившиеся на вступительные испытания без уважительных причин, а также получившие неудовлетворительную оценку, не участвуют в конкурсе и не зачисляются в вуз.

Приказ о зачислении по результатам конкурса с указанием количества баллов, набранных на вступительных испытаниях , публикуются на официальном сайте вуза и на информационном стенде приемной комиссии.

В случае выявления при проверке, проводимой в порядке надзора МОН КР, фактов проведения конкурса и неправомерного зачисления абитуриента, студент подлежит отчислению в установленном порядке.

**Представление информации и контроль**

Консерватория представляет в МОН КР итоговые данные о приеме в сроки:

- на обучение за счет средств бюджета - до 25 августа;
- на обучение на платной основе - до 25 августа;
- на заочное обучение – до 25 августа.

Контроль за работой приемных комиссий вузов осуществляется МОН КР.

**2019-2020-окуу жылына Кыргыз улуттук консерваториясына документтерди кабыл алуунун**

## ЭРЕЖЕЛЕРИ

## ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 27-майындагы №256 “Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуунун тартиби жөнүндө” токтомуна, “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана билим берүү жагындагы Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан. Кыргыз Республикасынын жарандарын жана башка мамлекеттердин жарандарын Калый Молдобасанов атындагы Кыргыз Улуттук консерваториясына кабыл алууну жөнгө салат.

Консерваториянын биринчи курсуна жалпы орто жана орто кесиптик билими бар адамдар кабыл алынат.

Кыргыз Республикасынын жарандары, эгерде алар бул деңгээлдеги билимди биринчи жолу алып жаткан болсо, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде Консерваторияда акысыз жогорку билим алууга укуктуу.

Консерваторияга башка мамлекеттердин жарандарын окутуу Кыргыз Республикасынын мыйзамы**на** ылайык, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин негизинде, ошондой эле билим берүү уюму менен айрым жарандардын ортосундагы келишимдердин негизинде жүргүзүлөт.

Консерваторияга кирүүдө башкы критерий болуп абитуриенттин билим деңгээли жана жөндөмдүүлүгү саналат.

Консерватория даярдоонун жана адистиктердин багыттарынын тизмесин жана аларды кабыл алуу пландарын КР БжИМ менен макулдашуудан кийин кабыл алуу жарыялайт.

### ЖОЖго кабылалуунуу уюштуруу

Студенттерди окутуунун бардык формаларына кабыл алууну уюштуруу үчүн ЖОЖдун жетекчисинин буйругу менен кабыл алуу комиссиясы түзүлөт, Консерваториянын ректору анын төрагасы болот.

Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы кабыл алуу планынын аткарылышы, лицензия менен белгиленген контингенттин чегинин, ошондой эле ЖОЖго кабыл алуу боюнча ченемдик-укуктук актылардын талаптарынын сакталышы үчүн жоопкерчилик тартат, кабыл алуу жана апелляциялык комиссиялардын мүчөлөрүнүн милдеттерин аныктайт, алдардын иштөө тартибин, кабыл алуу жана апелляциялык комиссиялардын жарандарды кабыл алуу графигин бекитет.

Кабыл алуу комиссиясынын курамы, ыйгарым укуктары жана иштөө тартиби Консерваториянын ректору тарабынан аныкталат жана бекитилет. Кабыл алуу комиссиясынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү бир жыл.

Кабыл алуу комиссиясынын иши жана иш кагаздарын жүргүзүү, ошондой эле абитуриенттерди жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) жеке кабыл алууну Консерваториянын ректору дайындаган жооптуу катчы уюштурат. Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысынын талапкерлиги КР БжИМ менен макулдашылат. Бир эле адам катары менен эки жылдан ашык жооптуу катчы боло албайт.

Кирүү сынактарын уюштуруу жана өткөрүү үчүн кабыл алуу комиссиясынын төрагасы тарабынан сынак жана апелляциялык комиссиялардын курамдары бекитилет. Сынак жана апелляциялык комиссиялардын ыйгарым укуктары жана иштөө тартиби Консерваториянын ректору тарабынан бекитилет. Сынак комиссиялары ошол ЖОЖдун кыйла тажрыйбалуу окутуучуларынын ичинен толукталат. Ал комиссиялардын курамдары жыл сайын кеминде 50 пайызга жаңыланып турууга тийиш.

Экинчи жана кийинки курстарга кабыл алууда аттестациялык сыноолорду уюштуруу жана өткөрүү үчүн Консерваторияда аттестациялык комиссиялар түзүлөт. Аттестациялык комиссияларды түзүүнүн тартиби, курамы, ыйгарым укуктары жана иштөө тартиби, ошондой эле аттестациялык сыноолорду жүргүзүү жол-жобосу ЖОЖдун ректору тарабынан бекитилет.

Консерваторияга кабыл алууда кабыл алуу комиссиясынын төрагасы билим берүү жагында Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген жарандардын укуктарын сактоону, кабыл алуу комиссиясынын ишинин маалымдуулугун жана ачыктыгын, кирип жаткандардын жөндөмдүүлүктөрүнө жана шыгына объективдүү баа берүүнү, кабыл алуу жүргүзүүнүн бардык этаптарында кабыл алуу комиссиясынын жетекчилигинин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат.

Кабыл алуу комиссиясы абитуриенттердин сынактарга катышуусу жөнүндө маалыматтардын аныктыгына контролдук кылууга милдеттүү, ошондой эле абитуриенттер тапшырган билими жөнүндө башка документтерди текшерүүгө укуктуу.

**Абитуриенттерди маалымдар кылууну уюштуруу**

Абитуриент, анын мыйзамдуу өкүлдөрү, ата-энелери Консерваториянын Уставы, анын билим берүү ишмердигине лицензиялары жана мамлекеттик жана башка аттестациялары (аккредитациялары), ошондой эле кабыл алуу сынактарынын программалары жана кабыл алууга байланышкан башка зарыл маалыматтар менен таанышууга укуктуу. Окутуунун наркын төлөө менен келишим боюнча орунга кабыл алууда кабыл алуу комиссиясы абитуриентти, анын мыйзамдуу өкүлдөрүн, ата-энелерин тараптардын милдеттенмелери жана укуктары, окуу үчүн төлөмдүн өлчөмү жана аны төгүүнүн тартиби , төлөмгө жеңилдик берүү мүмкүнчүлүктөрү менен тааныштырууга укуктуу.

Консерватория билим берүү программалары боюнча билим берүү ишин жүргүзүү укугуна лицензия болгондо гана жогорку кесиптик билимдин билим берүү программалары боюнча окутуу үчүн жарандарды кабыл алуу жарыялайт.

Документтерди кабыл алуу башталганга чейин Консерваториянын кабыл алуу комиссиясы төмөнкүлөрдү жарыялайт:

ЖОЖго кабыл алуунун ар жылдык эрежелерин;

даярдоонун жана адистиктердин багыттарынын тизмесин, ага ЖОЖдор билим берүү ишмердигин жүргүзүү укугуна лицензияга ылайык кабыл алуу жарыялайт;

даярдоонун жана адистиктердин ар бир багыттары боюнча жалпы билим берүү предметтери боюнча кирүү сынактарынын тизмесин;

жогорку кесиптик билими бар адамдар үчүн кирүү сынактарынын тизмесин жана жүргүзүү формаларын;

даярдоонун жана адистиктердин ар бир багыты боюнча биринчи курска кабыл алуу үчүн орундардын жалпы санын;

кирүү жана аттестациялык сыноолордун натыйжалары боюнча апелляция берүүнүн жана кароонун эрежелерин;

жатаканалардын болушу жана шаардан тышкаркы кирүүчүлөр үчүн жатаканадагы орундардын саны жөнүндө маалыматты;

окутуунун наркын төлөө менен келишим боюнча орунга кирип жаткандар үчүн келишимдин үлгүсүн;

окуу үчүн акы төлөө мөөнөттөрүн.

Документтерди кабыл алуу мезгилинде Консерваториянын кабыл алуу комиссиясы күн сайын берилген арыздардын саны жана конкурстар жөнүндө абитуриенттерге маалымат берет, абитуриенттердин бардык суроолоруна жооп берүү үчүн атайын телефон байланышынын иштешин уюштурат.

Берилген арыздардын саны жана конкурстар жөнүндө маалыматтар даярдоонун жана адистиктердин ар бир багыты боюнча Консерваториянын расмий сайтына жана/же кабыл алуу комиссиясынын маалымат керегесине жайгаштырылууга тийиш.

**Документтерди кабыл алуу**

Консерваторияга кабыл алуу жарандын жеке арызы боюнча жүргүзүлөт. ЖОЖго кабыл алуу жөнүндө арыз берүүдө абитуриент анын инсандыгын жана жарандыгын тастыктаган документти көрсөтөт. Арызга жалпы орто же орто кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ жана зарыл сандагы фотосүрөт тиркелет. Эгерде ал Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен белгиленген жеңилдиктерге талапкер болсо абитуриент кошумча документтерди (ата-энесинин өлгөндүгү жөнүндө күбөлүк, медициналык-социалдык экспертизанын корутундусу, спорттук наамы бар экендигин ырастаган документтер ж.б.) көрсөтүшү мүмкүн.

**Консерваторияга кирип жаткандар төмөнкү документтерди тапшырышат:**

1. Ректордун наамына абитуриенттин арызы.
2. Жалпы орто же орто кесиптик билими жөнүндө документ.
3. 3×4 өлчөмүндөгү 6 (алты) фотосүрөт.
4. Паспортту жеке өзү көрсөтөт.
5. Каттоо күбөлүгү же аскердик билети (аскерге милдеттүүлөр үчүн).
6. Эмгек китепчесинин көчүрмөсү (эгерде эмгектик стажы бар болсо).

Чет өлкөлүк жарандар кабыл алуу комиссиясына Кыргыз Республикасынын жалпы орто билими же орто кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик документке эквиваленттүү билими жөнүндө документти көрсөтүүгө тийиш. Чет өлкөлүк жарандардын документтерин экспертизалоону КР БжИМ жүргүзөт. КР БжИМ берген билиминин тийиштүү деңгээлге ылайыктыгы жөнүндө маалымкат берилмейинче чет өлкөлүк жарандарды кабыл алууга жол берилбейт.

Кирип жаткан ар бир адамга өздүк иш ачылат, анда тапшырылган бардык документтер жана кирүү сынактарын, аттестациялык сынактарды тапшыруунун материалдары (анын ичинде Консерваториянын апелляциялык комиссиясынын чечиминин протоколунан көчүрмө) сакталат.

Кирип жаткандардын өздүк иштери Консерваторияда документтер кабыл алынгандан баштап алты ай бою сакталат.

Абитуриентке документтерди тапшырууда документтерди кабыл алуу жөнүндө тил кат берилет.

Консерваториянын кабыл алуу комиссиясына атайылап жалган документтерди берген абитуриент Кыргыз Республикасынын мыйзамында каралган жоопкерчилик тартат.

Кирүү жана аттестациялык сыноолордун ырааттамасы (предмет, күнү, убактысы, сынак тобу, консультациялар, натыйжаларды жарыялоо күнү) кабыл алуу комиссиясынын төрагасы же анын орун басары тарабынан бекитилет жана абитуриенттерге жеткирилет. Кирүү жана аттестациялык сыноолордун ырааттамасында сынак комиссияларынын төрагаларынын жана сынак алуучулардын фамилиялары көрсөтүлбөйт.

Окутуунун күндүзгү жана акы төлөнүүчү формасына КУКка документтерди кабыл алуу 17-июндан 8-июлга чейин жүргүзүлөт. Консультациялар – 5 жана 6-июлда болот. Кирүү сыноолору 8-июлдан 25-июлга чейин өткөрүлөт. Бюджеттик каражаттардын эсебинен окууга киргизүү 25-августка чейин, окутуунун акы төлөнүүчү формасына 25-августка чейин аяктайт.

**Кабыл алуу төмөнкү адистиктер боюнча жүргүзүлөт:**

**1. Вокалдык өнөр жана дирижерлук факультети**

| | |
|---|---|
| Адистик боюнча: **570009** | - вокалдык өнөр |
| Адистешүү | - академиялык ырдоо |
| | - элдик ырларды ырдоо |
| Адистик боюнча: **570010** | - дирижерлук кылуу |
| Адистешүү | - академиялык хорго дирижерлук кылуу |
| | - опералык-симфониялык дирижерлук кылуу |

2. **Оркестрдик факультет**
Адистик боюнча: **570008** - аспаптык аткаруу
Адистешүү - оркестрдик кыл аспаптар (скрипка, альт, виолончель, контрабас)
- оркестрдик үйлөмө жана урма аспаптар (флейта, труба, кларнет, фагот, валторна, тромбон, туба, гобой, жана урма аспаптар)
- элдик аспаптар, салттуу музыка (комуз, кыяк),

3. **Фортепианно-теоретикалык факультет**
Адистик боюнча: **570008** - аспаптык аткаруу
Адистешүү - фортепиано
Адистик боюнча: **570004** - музыка таануу
Адистик боюнча: **570011** - композиция

4. **Эстрада өнөрү жана хореография режиссура факультети**
Адистик боюнча: **570012** - эстрада өнөрү
Адистешүү - аспаптык аткаруу, вокал
**570018** - хореографиянын режиссурасы

Консерваториянын бардык факультеттерине окуу жайларын, атайын орто музыкалык мектептерди аяктаган же орто жалпы билим берүү мектептерин бүтүргөн абитуриенттер кабыл алынат. Консерваторияда окуу мөөнөтү – 5 жыл.

***Окутуунун контракттык формасы***
***(чет өлкөлүк жарандар үчүн)***

Контракттык форма боюнча окутууга акы төлөнөт. Окутуунун контракттык формасына киргендер төмөнкүдөй сынак беришет:

8. **Аспаптык аткаруу** адистиги боюнча - жеке программаны аткаруу, коллоквиум, сольфеджио, гармония, музыканын элементардык теориясы (оозеки, жазуу жүзүндө), кыргыз же орус тилинде (диктант).

9. **Вокалдык өнөр** адистиги боюнча - жеке программаны аткаруу, коллоквиум, сольфеджио, музыканын элементардык теориясы (оозеки, жазуу жүзүндө), кыргыз же орус тилинде (диктант).
10. **Опералык-симфониялык дирижёрлук кылуу** адистиги боюнча – программаны аткаруу (дирижёрлук кылуу), алдын-ала 30 минута даярдануу менен комиссия сунуш кылган оркестрдик чыгарманы аткаруу, коллоквиум, фортепиано, сольфеджио, гармония (оозеки, жазуу жүзүндө), кыргыз же орус тилинде (диктант).
11. **Академиялык хорго дирижёрлук кылуу -** программаны аткаруу (дирижерлук кылуу), коллоквиум, фортепиано, сольфеджио, гармония оозеки, жазуу жүзүндө), кыргыз же орус тилинде (диктант).
12. **Композиция** адистиги боюнча – жеке чыгармасын аткаруу жана көрсөтүү, коллоквиум, фортепиано, гармония (оозеки, жазуу жүзүндө), кыргыз же орус тилинде (диктант).
13. **Музыка таануу** адистиги боюнча – жазуу жүзүндө реферат, музыкалык адабият (оозеки), коллоквиум, фортепиано, сольфеджио, гармония оозеки, жазуу жүзүндө), кыргыз же орус тилинде (диктант).
14. **Эстрада өнөрү** адистиги боюнча - программаны аткаруу, коллоквиум, фортепиано, сольфеджио, гармония оозеки, жазуу жүзүндө), кыргыз же орус тилинде (диктант).

Кирүү сынагынын учурунда абитуриенттер убактылуу жатакана, китепкана, жеке сабактар үчүн класстар менен камсыз болот.

ЖОЖго кирген адамдардын жазуу иштери алардын өздүк иштерине көктөлөт. Кабыл алынбаган абитуриенттердин жазуу иштери алты ай бою сакталат, андан кийин жок кылынат.

Документтерди кабыл алуу аяктагандан кийин документтерин алып кеткен адамдар конкурстан чыгарылат.

Экинчи жана кийинки курстарга кабыл алууда конкурс ЖОЖ өз алдынча жүргүзгөн аттестациялык сыноолордун негизинде жүргүзүлөт. Муну менен бирге жогорку билим берүү программаларын өздөштүрүү мөөнөтү тийиштүү мамлекеттик билим берүү стандарттарында каралган сабактар боюнча академиялык айырмачылык менен аныкталат. Академиялык айырмачылыктар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы №346 “Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билимдин билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салган ченемдик-укуктук актыларды бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын студенттерин которуу, чыгаруу жана калыбына келтирүү жөнүндө Жободо белгиленген тартипте аныкталат.

**Апелляция берүүнүн жана кароонун эрежелери**

Кирүү же аттестациялык сынактардын натыйжалары боюнча абитуриент апелляциялык комиссияга анын ою боюнча сынак өткөрүүнүн белгиленген тартиби бузулгандыгы же анын натыйжалары менен макул эместиги жөнүндө жазуу жүзүндө апелляциялык арыз (мындан ары - апелляция) берүүгө укуктуу.

Жазуу жүзүндө сынак тапшыруу учурунда абитуриент өз иши менен тааныша алат.

Апелляцияны кароо сынакты кайра тапшыруу болуп саналбайт. Апелляцияны кароонун жүрүшүндө кирүү сынагын тапшыруунун натыйжасына баа берүүнүн тууралыгы гана текшерилет.

Апелляцияны абитуриент жеке өзү сынак боюнча баа жарыялангандан кийинки күнү берет. Кабыл алуу комиссиясы бүткүл жумушчу күнү бою апелляцияларды кабыл алууну камсыз кылат.

Абитуриент апелляцияны кароого катышууга укуктуу. Абитуриентте анын инсандыгын тастыктаган документ жана сынак баракчасы болууга тийиш.

Апелляция каралгандан кийин сынак боюнча баа берүү жөнүндө апелляциялык комиссиянын чечими чыгарылат. Апелляциялык комиссияда кайчы пикирлер пайда болгондо добуш берүү жүргүзүлөт, жана чечим көпчүлүк добуш менен бекитилет. Апелляциялык комиссиянын чечимин протокол менен тариздөө абитуриенттерге (кол койдуруу менен) жеткирилет.

**Киргизүү**

Абитуриенттерди окутуунун бардык формаларына Консерваториянын студенттеринин катарына киргизүү билими жөнүндө документтин түп нускасы же анын дубликаты болгондо жүргүзүлөт.

ЖОЖго чейинки даярдоо бөлүмдөрүнүн угуучулары ЖОЖго жалпы негизде кабыл алынат.

Жүйөлүү себепсиз кирүү сынагына келбеген, ошондой эле канааттандырарлык эмес баа алган адамдар конкурска катышпайт жана ЖОЖго кабыл алынбайт.

Кирүү сынактарында алган баллдардын санын көрсөтүү менен конкурстун натыйжалары боюнча киргизүү жөнүндө буйрук ЖОЖдун расмий сайтында жана кабыл алуу комиссиясынын маалымат керегесине жарыяланат.

Көзөмөлдүк тартибинде КР БжИМ тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүдө конкурстар туура эмес өткөрүү жана абитуриенттерди туура эмес киргизүү фактылары табылган учурда студент белгиленген тартипте чыгарылат.

**Маалымат берүү жана контроль**

Консерватория КР БжИМге кабыл алуу жөнүндө жыйынтыктоочу маалыматтарды төмөнкү мөөнөттө берет:

- бюджеттин эсебинен окууга – 25-августка чейин;
- акы төлөө негизинде күндүзгү окууга – 25-августка чейин.
- сырттан окуу - 25-августка чейин.

ЖОЖдун кабыл алуу комиссиясынын ишине контролдукту КР БжИМ жүргүзөт.